Ийил, бирок сынба,  баары алдыда

Болбойт дебе, талпына бер алдыга

Сыналууга келген учун дүйнөгө

Сыноо келет байга дагы, жардыга

Кундун дагы болгон сынар тун-таны

Ойлогондой болбойт кээде бут баары

Сен күткөндөн дагы, берет жакшысын

Себебин кыл, сура, чыда кут дагы

2-Куплет:

Эстей берсең, көңүл ооруп, жаш чыгат

Ой жугуртсон байкап көрсөң жакшылап

Жамандыктан сакташ учун кээ бирде

Жол түгөнүп, жаңы жолдор ачылат

Баары бүтөт, жакшысы да жаманы

Кубанычын керек болсо арманын

Өткөн өттү кечирбейт деп ойлобо

Оңдогону аракет кыл калганын

3-Куплет:

Турмуш айтпайт денең менен сездирет

Туртуп барат күтпөйт сени келчи деп

Сага деген сенде калат баары бир

Кеткенине жалдыраба келчи деп

Баары бир бул өмүрдө сыналабыз

Бир күлүп, бирде ыйлап кыйналабыз

Ыйманды жоготпойлу эң башкысы

Баарыбыз кыяматта жыйналабыз.